**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

«Бир Дүйнө-Кыргызстан» коомдук бирикмесинин кызыкчылыгын көздөгөн Тимур Дженишбекович Арыковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-июнундагы аныктамасына даттануусу боюнча

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 26-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы А. Дж. Арзыматованын катышуусунда “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, “Бир Дүйнө-Кыргызстан” коомдук бирикмесинин (мындан ары – “Бир дүйнө-Кыргызстан КБ) кызыкчылыгын көздөгөн Тимур Дженишбекович Арыковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-

жылдын 18-июнундагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Т.Дж. Арыковдун даттанууда келтирилген жүйөлөрүн жана өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 2-беренесинин жетинчи – он биринчи абзацтарынын, 17-1-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнө, 23-беренесинин 2,4-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацына, 32-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө, 36-беренесине, 37-беренесинин 2, 4, 5, 6-бөлүктөрүнө, 61-беренесине, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө “Бир Дүйнө-Кыргызстан” КБнын өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтө, Мыйзамдын талашылып жаткан ченемдери чет мамлекеттерден, алардын мамлекеттик органдарынан, эл аралык, чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк жарандардан, жарандыгы жок адамдардан же алар ыйгарым укук берген адамдардан акча каражаттарын жана башка мүлктү алуучу коомдук бирикмелер, фонддор, мекемелер жана ассоциациялар (бирликтер) түрүндө түзүлгөн коммерциялык эмес уюмдар (мындан ары – КЭУ) үчүн ишмердигин ченемсиз чектөөнү жана ашыкча талаптарды камтыйт деп белгиленген.

Арыз ээсинин пикири боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн КЭУлардын талашылып жаткан укуктук жөнгө салуусу басмырлоочу мүнөзгө ээ, анткени ал коммерциялык эмес уюмдардын айрым түрлөрүнүн ишине гана жайылтылат, муну менен бир топтогу субъекттердин укуктук жөнгө салуусунда айырмалоо киргизилет.

Талашылып жаткан ченемдер менен коммерциялык эмес уюмдардын жаңы категориясын – чет өлкөлүк өкүлдүн милдетин аткаруучу КЭУ деп киргизүү мындай укуктук жөнгө салуунун субъекттерине айыптуу маани берет жана алардын ишине бөгөт коюучу, стигмалоочу таасир көрсөтөт. Талашылып жаткан ченемдерде камтылган “чет өлкөлүк өкүл” түшүнүгү өзүнүн мааниси боюнча жарандык мыйзамдардагы өкүлчүлүк институту менен дал келбейт, ага карама-каршы келет жана ошону менен укуктук белгисиздикти жаратат. Андан тышкары, “чет өлкөлүк өкүлдүн милдетин аткаруучу коммерциялык эмес уюм” түшүнүгүнүн аныктамасында “анын ичинде чет өлкөлүк булактардын кызыкчылыгында” деген сөздөр, эгерде ал өзүнүн программаларын, саясатын жана артыкчылыктарын аныктоодо башкаруучулук жана оперативдүү көз карандысыздыгын сактап калса дагы, каражаттарды алуучунун үстүнөн донордун иш жүзүндөгү контролдугу жөнүндө түшүнүктү бекемдейт. Талашылып жаткан ченемдерди мындай түшүнүү ал каражаттарды алган бир фактысы болгон учурда да “чет өлкөлүк булактын” кызыкчылыгында коммерциялык эмес уюмдун аракеттеринин төгүндөлгүс презумпциясын түзөт, анткени өз ишинин операциялык көз карандысыздыгынын кандай болбосун далилдери ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үчүн юридикалык мааниге ээ эмес. Мындай жобо жарандардын биригүү эркиндигине болгон конституциялык укуктарын жана Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган алардын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиктерин бузат (36-берене, 61-берененин 1-бөлүгү).

Мындан тышкары, кайрылуу субъектиси Мыйзамдын талашылып жаткан 17-1-беренесинде каралган Юстиция министрлигинин жаңы ыйгарым укуктары мамлекеттик орган менен жогоруда аталган коммерциялык эмес уюмдардын ортосундагы мамилелерде олуттуу дисбалансты жаратат, ал тараптардын тең укуктуулугунун жана

атаандаштыгынын конституциялык принцибин бузат деп эсептейт (100-берененин 3-бөлүгү).

Жүйөлөрдүн жыйындысында, кайрылуунун автору талашылып жаткан ченемдерди негизсиз, жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык укуктар менен эркиндиктерди ченемсиз чектейт деп эсептейт жана ушуга байланыштуу аларды Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-июнундагы аныктамасы менен "Бир Дүйнө-Кыргызстан" коомдук бирикмесинин кайрылуусунун формасы жана мазмуну "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбегендигине байланыштуу аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасында биригүү эркиндигине конституциялык укук коммерциялык эмес уюмдардын ар кандай түрлөрүн түзүүгө мүмкүндүк берээри белгиленген, алардын ар бири өзүнө гана таандык максаттарга жана милдеттерге ээ боло алат. Андыктан коммерциялык эмес уюмдардын формаларынын ар түрдүүлүгүн эске алып, мыйзамдар менен коммерциялык эмес уюмдардын ар кандай формаларынын ишин жөнгө салуу адаптацияланган, алардын арасында чет өлкөлүк булактардан каржылоо алган жана Кыргыз Республикасынын аймагында саясий иш менен алектенген коммерциялык эмес уюмдардын ишин жөнгө салуучу Мыйзамдын талашылып жаткан ченемдери да бар.

Ошондой эле, талашылып жаткан ченемдерде баяндалган талаптар өз маңызы боюнча конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди жүзөгө ашырууга түздөн-түз тоскоол боло турган чектөөчү-тыюу салуучу мүнөзгө ээ эмес, ал эми ыйгарым укуктуу орган катары иш алып барган Юстиция министрлигинин ыйгарым укуктары аларды өзүм билемдик менен колдонууну болжолдобойт деп белгиленген.

Кайрылууда келтирилген арыз ээсинин жүйөлөрү, талашылып жаткан ченемдер Конституцияга ылайык келеби деген маселедеги белгисиздик

жөнүндө күбөлөндүрбөйт, анткени коммерциялык эмес уюмдардын жогоруда көрсөтүлгөн формаларына карата мамлекет тарабынан өзүм билемдиктин мүмкүндүгү жөнүндө божомолдор гана келтирилген.

Судьялар коллегиясынын аныктамасына макул болбостон, Т.Дж. Арыков 2024-жылдын 6-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси өзүнүн даттануусунда Конституциянын 97-беренесинин 3-бөлүгүнө шилтеме жасайт, анда эгерде Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери бузулуп жатат деп эсептесе, ар бир адамга мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун талашуу укугуна кепилдик берилет.

Мындан тышкары, ал даттанылып жаткан аныктамада судьялар коллегиясы формасына жана мазмунга карата талаптар бузулгандыгын көрсөтпөгөндүгүн, бул болсо өтүнүч белгиленген талаптарга ылайык берилгендигин айгинелейт деп баса белгилеген.

Арыз ээси, ошондой эле соттук коллегия өтүнүчтү маңызы боюнча кароого өтүү менен өз ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгын белгилейт. Бул, анын пикири боюнча аныктамада Конституциялык соттун укуктук позициялары берилгендиги, талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугу тууралуу тыянактар жасалгандыгы, ошондой эле чет өлкөлүк коммерциялык эмес уюмдардын, алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн статусу боюнча корутунду берилгендиги менен билдирилген.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Конституция, конституциялык сот адилеттигине жеткиликтүүлүктүн жогорку деңгээлин карайт, ошентсе да алардын чектерин белгилейт. Бул конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн кепилдиги

кайрылууларда жол берилген шарттардын болушун болжойт дегенди билдирет, ал жарандардын Конституциялык сотко кайрылуусунун формасын жана тартибин өз каалоосу боюнча аныктоо мүмкүнчүлүгүн караштырбайт.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 27-беренеси өзүнө кайрылууга карата жалпы талаптарды камтыйт, алар кайрылууну кароонун конкреттүү негиздерин да камтууга тийиш. Аталган конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинде мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде белгилүү болгон аныксыздык ишти кароого негиз болуп саналат деп белгиленген. “Мазмун” түшүнүгүнө конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кароо үчүн конкреттүү негиздер, анын ичинде арыз ээсинин ал койгон маселе боюнча талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунда белгилүү болгон аныксыздыкты ачык далилдеген, Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен укуктук мүнөздөгү төгүндөлгүс аргументтерди келтирүү милдети да киргизилет. Мында талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын ортосундагы системалуу байланыш сөзсүз болууга тийиш.

Конституциялык сот кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасы процесстик мүнөзгө ээ экендигин белгилейт, анткени судьялар коллегиясы кайрылуунун “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн текшерет. Бул талаптарды так сактоо конституциялык сот өндүрүшүн козгоонун, конституциялык текшерүүнүн предметин жана анын чектерин аныктоонун объективдүүлүгүнүн кепилдиги болуп саналат.

Муну менен катар, судьялар коллегиясы аныктама чыгаруу үчүн негиздерди белгилөө процессинде талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунда күмөндүүлүктүн бар экендигине баа берүү үчүн мыйзамдардын, эл аралык укуктун ченемдерин комплекстүү талдоону

жүзөгө ашырат. Бул сунушталган материалдардын Конституциянын ченемдерине ылайык келишин ар тараптан изилдөөнү жана арыз ээсинин талаптарынын укук ченемдүүлүгүн баалоону болжойт. Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы талашылып жаткан укуктук жөнгө салууга өзүнүн баасын берүү менен өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөгө милдеттүү, муну менен өзүнүн аныктамасында конституциялык ченемдерди жүзөгө ашыруунун маңызын жана чектерин ачып берген конституциялык контролдоо органынын укуктук позицияларына эркин шилтеме жасай алат.

Конституциялык соттун укуктук позициялары жалпы укуктук мааниге ээ, алардын күчү милдеттүүлүгүндө, анын ичинде юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүүлүгүндө турат. Алар ченемдик мүнөздөгү натыйжаларды шарттайт жана императивдик мааниге ээ болот.

Судьялар коллегиясы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылуучу, кайрылуу субъектиси койгон укуктук маселелерди текшерүүнүн мазмунун эске алып, Конституциялык сот, судьялар коллегиясы аныктаманын бул бөлүгүндө өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагынан чыккан эмес, аны мурда билдирилген, конституциялык контролдоо органынын укуктук позицияларына ылайык жүйөлөштүрүү менен өзүнүн аныктамасын чыгарды деп эсептейт.

Арыз ээси судьялар коллегиясынын бул аныктамасына даттануу менен өзүнүн мурдагы кайрылуусунун маңызы боюнча жаңы далилдерди келтирген эмес. Судьялар коллегиясынын тыянактарын жокко чыгаруучу жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууну шарттаган укуктук негиздердин жоктугу арыз ээсинин ырастоолорунун кайталагандыгы жөнүндө айгинелейт, алар талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайыктуулугу жөнүндө ал койгон маселеде белгисиздиктин болушун далилдеген укуктук аргументтер катары бааланышы мүмкүн эмес.

Тиешелүү түрдө, арыз ээсинин даттануусунун предмети болуп КЭУлардын айрым формаларынын иши үчүн белгилүү талаптарды жана

аларды бузгандык үчүн кесепеттерин белгилөө менен байланышкан маселелерди укуктук регламенттөө калат.

Мыйзам чыгаруучунун Мыйзамдын талаптарын бузгандыгы үчүн санкцияларды жана башка кесепеттерди белгилөөсү алардын конституциялуулугунан күмөн саноого алып келбейт, анткени бул мыйзам чыгаруучунун ченем жаратуу ишинин логикалык уландысы болуп саналат. Бул позиция толук логикалуу жана укуктук аныктык принциптери менен ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын тең салмактуулугунун натыйжасы болуп саналат.

Ошентип, судьялар коллегиясы кандайдыр бир өзгөчөлүктөрдөн улам, анын ичинде алардын ишин каржылоо булагы боюнча айрым субъекттерге статус берүү өзүнчө алганда конституциялык принциптердин, жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келбейт деген тыянакка туура келген. Ошондой эле, ошол эле өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кошумча милдеттенмелерди белгилөө сыяктуу эле, априори мамлекет тарабынан бул субъекттерге карата өзүм билемдикти билдирбейт.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот арыз ээсинин даттануусун канааттандыруу жана судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-июнундагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л Д Ы:**

1. “Бир Дүйнө-Кыргызстан” коомдук бирикмесинин кызыкчылыгын көздөгөн Тимур Дженишбекович Арыковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-июнундагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

**№**